## АЙ КЫЗЫМ

**с. Жылдызбек Турсунбаев**
**о. Индия элиники**

Исп. Тотомидин Жолдошев
Сурма Тургунбаева

Аймончок ай кызым,
Көңүлү шай кызым,
Келе гой мага жан кызым.
Айперим, ак кушум,
Шириним, бал кызым,
Кичинем менин жалгызым.

Ай кызым, көлөкөм,
Алтыным, берекем,
Ар дайым жүрчү сен эсен.
Сагынам көрбөсөм,
Бойтойгон кебетең,
Ай-күнгө аз го теңесем.

**Атасынын эркеси – чыгарбаймын эсимден,**
**Апасынын кенжеси – бакыт болуп сезилген.**
**Айланып кетем ай кызым, карагаттай көзүңдөн...**

Жыпарым гүл кызым,
Жылмайып жүр кызым.
Кызыксыз сенсиз турмушум.
Жаркыган күн кызым,
Жан биргем, нур кызым,
Жашоомдо жанган жылдызым.

Жаралган канымдан,
Артыксың жанымдан,
Болоюн сага жан курман!
Шекерим, наватым,
Кубатым, балатым,
Жайыла берсин канатың.

**Атасынын жүрөгү – таза, тунук дилиңден!**
**Апасынын тиреги – көз жарганда сүйүнгөн!**
**Айланып кетем ай кызым, балдай ширин тилиңден...**

Атасынын бермети – кубанычтан түзүлгөн,
Апасынын эрмеги – баарын байкап түшүнгөн.
Айланып кетем ай кызым, жарык чачкан жүзүңдөн...

Атасынын кареги – тосуп турган жолумдан,
Апасынын данеги – назик мүнөз чоюлган.
Айланып кетем ай кызым, кичинекей боюңдан...